№2 билет

**Кыргыз тили жана адабияты (кыргыз класс). 1-күн.**

1. **Ырды көркөм окугула.**
2. **Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.**
3. **Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө.**

**Эскертүү: Автордун орфографиясы, пунктуациясы жана стилистикасы сакталды.**

***

Каалгып ак булуттар көчөсүңөр,
Канча бир жерлер басып өтөсүңөр.
Түрүлүп түгөнбөгөн сапар тартып,
Түнөргөн тоо башына түнөйсүңөр.
Кайчы өткөн тагдыр менен жолго чыгып,
Силерди, ак булуттар, жолдош кылып,
Мен келип алтын кумдуу көл жээгине,
Олтурам эскерүүдөн ичтен сызып.
Сезгендей айрылаарды коркоор элем,
Өчөшүп бизди өксүткөн жаңылууга,
Өмүрдүн өрүн көздөй жалгыз келем.
Кайгынын каран түнүн жарык кылаар,
Каралдым, жашоодо көп жакшылык бар.
Сен азыр эмнени ойлоп турдуң экен,
Айдалып бараткында ак булуттар.

**(Омор Султанов)**